*УДК: 80.809.1*

**Оморова Т.М.,ОГПИ**

## Ж. Турусбековдун «Энем» поэмасындагы эненин образы

***Бул макалада Жусуп Турусбековдун «Энем» поэмасындагы эненин образы менен орустун улуу акыны С. Есениндин «Энеме кат» деген ырындагы эненин образындагы окшоштуктар, өзгөчөлүктөрү берилген.***

***Ачкыч сөздөр: энем, образ, бала, фольклор, орус, акын.***

***В этой статье рассматриваются сходства, и различия образов матери в поэме Жусупа Турусбекова «Мать» и великого русского поэта С.Есенина «Письмо к матери».***

***Ключевые слова: мать, образ, мальчик, фольклор, русский, поет.***

Адамзаттын алмустактан келаткан жашоосунда аялзатынын, анын ичинде эненин орду, турмуштук вазипасы өзгөчө орунда турат. Эненин ыйыктыгына, улуулугуна маани берилип, адабияттын бардык жанрында эне мээримин даңазалаган чыгармалар бүгүнкү күнгө чейин жазылып келатат. Ар бир чыгарма авторлордун ой чабытынын бийиктигинен жаралып, өз мезгилиндеги турмуш жагдайын эненин образы менен чагылдырып отурду.

Жыйырманчы кылымдын отузунчу жылдары кыргыз жазма адабиятында мезгилдин талабына ылайык коомдук-саясий темалар басымдуулук кылып, «социалдык заказдарды» аткарган учур болгон. Ага карабай сезимтал ырлары аркылуу жаңылыкка умтулган, реалисттик көз карашы менен өз заманынын үнүн, боегун жазган дилгир акындар жаралды. Алардын бири – Жусуп Турусбеков. Ал 1922-жылы Түп районундагы Айыл чарба техникумуна тапшырып, казак, татар, орус адабияттары менен тааныша баштаган. 1928-1931-жылдары Твер шаарындагы советтик-партиялык мектепте окуп жүргөн кезинде бир топ орус акындарынын чыгармалары менен таанышып, өзүнүн акындык шыгын курчутуп В. Маяковский сыяктуу таланттуу акындардан таасирленген.

**Ж. Турусбековдун кыргыз поэзиясынын формалык жана мазмундук өзгөрүүсүнө кошкон салымы жөнүндө акын Смар Шмеев: «Жусуптун ырларынын түзүлүшүнө көңүл бурсак, мында орус элинин таланттуу акындарынын, алардын ичинен Маяковскийдин таасири күчтүү. Маяковскийден үйрөнүү, андан үлгү алуу аркылуу гана кыргыз ырларынын түзүлүшү боюнча бир топ жаңылыктарды киргизүү мүмкүнчүлүгүнө жетишкен. Акындын кыргыз поэзиясына кошкон жаңылыктары жалаң гана мазмун жагынан эмес, түр жагынан да айкын көрүнөт. Башкача айтканда, Жусуп ыр түзүлүшүнө, ыр уйкаштыгына көп жаңылыктарды кошту, ал көркөмдүк жактан баалуу жаңылыктарды ачкан-новатор акын», – деп белгилейт [1].**

**Кыргыз жазма адабиятынын алгачкы мууну орус жазуучуларынын көркөм эстетикалык бийиктигинен, чыгармачылык бай тажрыйбасынан сабак алып, чеберчилигин өздөштүрүп, таасирленгенин билебиз [2]. Кайсы бир денгээлде орус адабиятын тууроо, кайталап калуу учурлары да кездешкен. Мындай дегенибиздин себеби бар, Ж. Турусбековдун «Энем» поэмасындагы негизги идея орустун улуу акыны С. Есениндин «Энеме кат» деген ырынан алынгандай таасир калтырат. Сөзүбүз куру болбосун үчүн эки акындын энелери жөнүндөгү үндөшкөн куплеттерин мисалга келтирели:**

**Бар бекенсиң жаным энем кубатым?**
**Балаң да бар. Сагынычтан жаздым кат.**

**Жашай турчу үйдөн түтүн булатып,**
**Жана турсун иңирдеги шамчырак.**

**Кат жазышат: ойлоп мени шек санап,**
**Камыккандан жан болупсуң күйүкчөл.**
**Эртели-кеч турат дешет жол карап,**
**Эски күрпү, баягы эски кийимчен.**

**Билип турам, күүгүм кирип күн батса,**
**Бир гана элес көрүнөт ээ көзүңө.**
**Мас бирөөлөр кабактагы мушташта,**
**Матагансып фин бычагын төшүмө.**

**… Баягыдай мен боорукер бойдонмун,**
**Башты мыкчып кыялданам алыска.**
**үмүт жанып, эчен ирет ойлондум,**
**үстү жапыз үйүбүзгө барышка** [3] **(Которгон Э.Турсунов)**

**Ал эми Ж.Турусбековдун «Энем» поэмасы минтип башталат:**

**Күткөндүрсүң, келдим, эне, аманбы?**
**Кучактачы, сүйчү беттен балаңды!**
**Беш жыл бою тентип кеттим дайынсыз,**
**Сагындың го бир көрө албай карамды!**

**Сагынганда тентип кеткен балаңды,**
**Жүзгө жооруп жүгүрттүң го санааңды?**
**Каттоочудан: «Кат жазсын!» – деп айттырып,**
**Кийинчерээк ала бердиң мазамды.**

**…Зөөкүр эле эмне болуп кетти деп,**
**Окуймун деп кандай жапа чекти деп.**
**Кабактарда арак ичип, мас болуп,**
**Жүрөбү деп ойлодуңбу тепки жеп?**

**С.Есениндин ырында айылдагы эски күрпүчөн эне баласына кат жазып каттагандардан жөнөтсө, Ж.Турусбековдун ырында эне баласынан кат күтөт. Болгон айырмачылык ошол. Тогуз куплеттен турган «Энеме катта» бала «Кайтып келем туулуп өскөн элетке, кайсы күнү ак кийгенде алма бак» дейт, андан ары энесине жүзөгө ашпай калган тилектерди, баштан өткөн армандарды эстетпөөсүн өтүнөт, сегиз жыл мурдагыдай чокунтпа, мен бой жетип жигит болдум, эч ким өткөн күнүнө кайрылбайт деп түшүндүрөт. үстү жапыз үйүбүзгө баргыча жол карап күтө бербегин, мен баягыдай эле боорукер бойдонмун, ойлоп сар-санаа болбо дейт.**

**Ал эми Ж.Турусбековдун каарманы окуймун деп беш жыл дайынсыз жоголуп кетип, өзгөргөнүн айтат:**

**Энекебай, кайратымдан жазбадым,**
**Мен мурунку, мен эмесмин башкамын.**
**Тентек жана таарынчаактык мүнөздөр,**
**Жаман экен ишен, эне, таштадым!**

**Акын «Энем» поэмасынын андан аркы бөлүгүн кыргыз айылынын жашоосун, өзү күбө болгон окуяларга бурат. 1928-жылы окуйм, билим алам деп Тверге барып, советтик-партиялык мектептен билим алган Жусуп, энесинин да өзгөрүшүн каалайт. Эки чыгармада тең энелердин образы окшош: уулун сагынып күткөн, каттагандардан даректеп жоктоп, бирөөлөрдөн кагуу жеп шагы сынбады бекен деп кайгы жейт. Болгон айырмачылык балдардын бири заман талабына ылайык жакшы жакка өзгөрүп, таарынчаактык, тентектик сапаттарын таштаса, бирөөсү энесинин берген тарбиясынан жанбай, азыр дагы «боорукер» бойдон калганынан айырмаланат. Экөөсүндө тең улуттук**

**өзгөчөлүктөр менен бирге ошол учурдун саясий көз караштары байкалып турат. Анткени, Ж.Турусбековдун «Энем» поэмасы 1933-жылы жазылгандыктан, өлкөдөгү колхоздоштуруу саясатынан кыя өтө алган эмес. Поэманын экинчи бөлүгүндө лирикалык каармандын энеси ар кимдин жүнүн сабап, чийин кармап, суусун ташып, отун жагып жүргөнү, ошол мезгилде атасы Орунбайдын кысыр эмди жабагысын карышкырга жегизип коюп, катуу таяк жегени сүрөттөлөт. Жаңы заман таңы атып, Орунбайлар кулакка тартылып, жакшы турмуш башталганы айтылып аяктайт.**

**Сынчы Салижан Жигитов «Ырлар жана жылдар» аттуу китебиндеги «Жусуп Турусбековдун «Энем» поэмасынын тегерегинде» деген макаласында: «Чынында да накта турмуштук фактылардын салыштырмалуу бийик билимдин, оригиналдуу акындык ыктын негизинде жазылгандыктан гана ал поэма өзүнө тең чамалаш жаралган башка поэмалардан өз мезгилинин идеялык духун жана эмоциялык атмосферасын таасын чагылдыргандыгы менен аттын кашкасындай бөлүнүп турат. Анда 30-жылдардагы республикабыздагы коомдук турмуштун прозасы жана поэзиясы, жалындуу илеби жана күүсү, кыргыз жаштарынын жалпыланган образы жана романтикасынын дымагы бар. Акын бул поэмасында аны менен мезгилдеш айрым поэмаларга мүнөздүү карандай прозаизмге түшүп кетүүчүлүктөн, фабулалык санап чыгуучулуктан натуралисттик узун сүрөттөөлөрдөн, штампка айланган фольклордук көркөм ыкмалардан качып,сюжеттик коллизияларды чечүүнүн жана образ куруунун жаңы жолун тапкан,»**– дейт [4].

Ж.Турусбековдун «Энем» поэмасынан башка он куплеттен турган ушул аталыштагы дагы бир ыры бар. Бул ырды поэманын экинчи бөлүгү деп койсо болот. Ырдын сюжети лирикалык каармандын бала чагын сүрөттөө менен башталат. Багалегин өйдө түрүп, кечке суу кечип ойноп, энесинин сабоосун «ат» кылып минип кетип, атасынын камчысын кошо талаага жоготуп келгени баяндалат. Лирикалык каарманды ачуусу менен тилдеп, каргап, кайра сооротуп, колуна токоч берип, жашын аарчыган баягы тааныш түйшүкчүл «Эне».

Ырдын андан аркы куплетинде атасы минип жүргөн жалгыз байталын сатайын деп, старчындан коркуп сатпайт, эртеси үйүнө келген старчын менен энесинин конфликти берилет.

Энеке!
Ал дүйнө жексен болду,
Чырмалган эмгекчилер үздү торду.
Баш кошуп жаңы турмуш куруп жатат,
Эзилген ал күндөгү өңкөй шордуу.

Ал кезди быйыл бир күн көңүлгө алдым,
Чогулуп сени көмгөн жерге бардым.
Мүрзөңдүн тыягында кош айдаган,
Эрлерди көрдүм дагы сырга кандым [5].

Эки чыгарма тең кыргыз элинин жашоосу жакшы жакка өзгөрүп, теңдик заман орногону, эмгекчи элдин бактылуу турмушу менен аяктайт.

Ж.Турусбеков өз заманынын үнүн уга билген, тунук поэзия ээси. Анын чыгармачылыгындагы эне темасы өзгөчө бийиктикте турат. Акын кыргыз поэзиясында өзүнүн ысымын энесинин бейнесин ырдоо менен калтырып кетти.

**Адабияттар**

1. Ж.Турусбеков «Тандалган чыгармалар» түз. С.Шмеев. – Фрунзе, «Кыргызстан», 1980.

2. Кыргыз балдар поэзиясынын антологиясы. Түз. А.Кыдыров, Д.Сулайманов. – Фрунзе «Мектеп», 1998-ж., 9-б.
3. Дүйнөлүк поэзиянын антологиясы. Которгон Э.Турсунов. Түз.: А.Акматалиев, Н.Өмүрзакова, Ө.Шаршеналиев. –Бишкек: «Шам». 2004-ж.. 105-б. (488-б).
4. С.Жигитов. Ырлар жана жылдар. –Фрунзе: «Кыргызстан», 1972. – С. 180.
5. Кыргыз адабиятынын антологиясы, Х томдук жыйнак. Түз. В.Мусаева, Т.Асанакунов. – Бишкек, 2012. VIII том, 519-б.

**OSHGU OMOROVA T.M., OshPI**

## The mother's character in the poem of Jusup Turusbekov "Materi"

***In this article dials wifh similorfy and diggetehces the ways of mother in poem Jusup Turusbekov and mother great Russian poet C.Esenina «Pismo k materi».***

***Key words: mother, character, boy, folklore, Russian, poet, knowledge.***